Окутуу процессинде Ж. Чыманов студенттин кызыгуусун, турмуштук тажрыйбасын жана жеке көз карашын эске алууга өзгөчө маани берген. Анын сабактарында студенттерге жакын темаларды, турмуштук кырдаалдарга негизделген тапшырмаларды колдонуу, өз алдынча ой жүгүртүүгө жана эркин пикир билдирүүгө шарт түзүү негизги орунда турган. Мындай мамиле билим алуучулардын тилдик жана коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө, алган билимин практикалык жагдайларда колдоно билүүсүнө багытталган.

Жыйынтыктап айтканда, Ж. Чымановдун илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү кыргыз тилин окутуунун методикасынын өнүгүшү менен тыгыз байланышта. Анын эмгектеринде кыргыз тилин эне тил, экинчи тил жана чет тили катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери, коммуникативдик багытта окутуу, байланыштуу кепти өнүктүрүү, текстти окутуунун каражаты катары пайдалануу, компетенттүүлүккө негизделген окутуу жана окутууну жаңылоо маселелери каралган. Окумуштуунун илимий эмгектери жана методикалык сунуш-тыянактары кыргыз тилин окутуунун методикасын өркүндөтүүдө, мамлекеттик тилди окутууда жана бул багыттагы илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө маанилүү илимий-методикалык булак болуп саналат. Ж. Чымановдун илимий-методикалык мурасын системалуу изилдөө кыргыз тилин окутуунун методикасынын өнүгүү тарыхын жана азыркы багыттарын тереңирээк ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Колдонулган адабияттар**


1. Чыманов Ж. Байланыштуу кепти окутуунун негиздери : окуу куралы. – Бишкек, 1997. – 96 б.
2. Чыманов Ж. Дипломдук иш жазган бүтүрүүчүлөргө жардам. – Бишкек, 2004. – 19 б.
3. Чыманов Ж. Тил илимине киришүү. – Бишкек, 2001. – 148 б.
4. Чыманов Ж. Кыргыз тили: Окутуу методдору : окуу куралы. – Бишкек, 2007. – 100 б.
5. Чыманов Ж. Кыргыз тили: Сабактын методдору жана практикасы. – Бишкек, 2007. – 104 б.
6. Чыманов Ж. Кыргыз тилин (мамлекеттик тил) окутуунун методикасы : типтүү программа. – Бишкек, 2008.
7. Чыманов Ж. Кыргыз тили: Сабактын үлгүлөрү жана сабакты талдоонун методикасы. – Бишкек, 2009. – 64 б.
8. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек : Турар, 2009. – 488 б.
9. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутууну жаңылоонун концепциясын иштеп чыгуунун зарылдыгы // Кабарлар. – 2013. – № 3. – 116–122-бб.
10. Чыманов Ж. Кыргыз тили сабагы – баарлашуунун сабагы // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – 2015. – Атайын чыгарылыш. – 147–150-бб.


**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Бекмуратова Р.**


УДК:338.26.034
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-121-127



**Кармышакова И.П.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Баткен региондук көп тармактуу институту
**Кармышакова И.П.**
Баткенский региональный многопрофильный институт КНУ имени Жусупа Баласагына
**Karmyshakova I.P.**
Batken Regional Multidisciplinary Institute of Jusup Balasagyn KNU

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН «ЭРТЕ КЕЛГЕН ТУРНАЛАР» ПОВЕСТИН КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДЕ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫ

# ТЕХНОЛОГИЯ КОМПЕТЕНТНОСТНОГО ОБУЧЕНИЯ ПОВЕСТИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «РАННИЕ ЖУРАВЛИ» ВО ВНЕКЛАССНОЙ РАБОТЕ

# TECHNOLOGY OF COMPETENCY-BASED TEACHING OF CHINGIZ AITMATOV'S NOVELLA «EARLY CRANES» IN EXTRACURRICULAR ACTIVITIES

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Чыңгыз Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестин класстан тышкаркы иштерде компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун актуалдуулугу каралат. Заманбап билим берүү ыкмаларын адабий билим берүүгө интеграциялоо, окуучулардын компетенттүүлүктөрүн, сынчыл ой жүгүртүүсүн жана эмоционалдык интеллектин өнүктүрүү маселелерине көңүл бурулат. Адамдын табияты, руханий баалуулуктар, адеп-ахлактык тандоо жана жоопкерчилик сыяктуу чыгармада көтөрүлгөн маселелерди талдоо окуучулардын турмуштук көндүмдөрүн калыптандыруунун каражаты катары каралат. Макалада класстан тышкаркы иштердин алкагында «Эрте келген турналар» повестин окутууда компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруунун мүмкүнчүлүктөрү жана ыкмалары талданат. Текст менен иштөөнүн активдүү жана интерактивдүү формаларын колдонуу аркылуу чыгарманы терең түшүнүүгө жана окуучулардын зарыл турмуштук көндүмдөрүн өнүктүрүүгө басым жасалат. Театралдаштырылган окутууну жана санариптик технологияларды пайдалануу аркылуу чыгарманы окутуунун натыйжалуу ыкмалары сунушталат. Ошондой эле окуучулардын социалдык жана маданий аспектилерге карата сезимталдыгын өнүктүрүүнүн мааниси белгиленет. Класстан тышкаркы иштер чыгармада көтөрүлгөн салттарды сактоо, достук жана сүйүү, келечек үчүн жоопкерчилик сыяктуу маселелерди талдоого жана окуучулардын аларды жеке кабыл алуусун тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк түзөрү көрсөтүлөт.

**Аннотация:** В статье рассматривается актуальность компетентностного обучения повести Чингиза Айтматова «Ранние журавли» во внеклассной работе. Особое внимание уделяется интеграции современных образовательных методов в литературное образование, развитию компетенций, критического мышления и эмоционального интеллекта учащихся. Анализ таких затронутых в произведении проблем, как человеческая природа, духовные ценности, нравственный выбор и ответственность, рассматривается как средство формирования жизненных навыков учащихся. В статье анализируются возможности и методы реализации компетентностного подхода при изучении повести «Ранние журавли» в рамках внеклассной работы. Особое внимание уделяется использованию активных и интерактивных форм работы с текстом, способствующих более глубокому пониманию произведения и развитию необходимых жизненных навыков учащихся. Предлагаются эффективные способы изучения произведения с использованием театрализованных форм работы и цифровых технологий. Подчеркивается также важность развития у учащихся восприимчивости к социальным и культурным аспектам. Показано, что внеклассная работа создает условия для осмысления затронутых в произведении вопросов сохранения традиций, дружбы и любви, ответственности за будущее и способствует углублению их личностного восприятия учащимися.

**Abstract:** The article examines the relevance of a competency-based approach to teaching Chingiz Aitmatov's novella «Early Cranes» in extracurricular activities. Particular attention is paid to integrating modern educational methods into literary education and developing students' competencies, critical thinking, and emotional intelligence. The analysis of such issues addressed in the novella as human nature, spiritual values, moral choice, and responsibility is considered a means of developing students' life skills. The article analyzes the possibilities and methods of implementing a competency-based approach to teaching «Early Cranes» in extracurricular activities. Particular attention is paid to active and interactive forms of working with the text that contribute to a deeper understanding of the literary work and the development of essential life skills. Effective approaches involving theatrical activities and digital technologies are proposed. The importance of developing students' awareness of social and cultural aspects is also emphasized. Extracurricular

activities are shown to provide opportunities for exploring issues raised in the novella, including the preservation of traditions, friendship and love, and responsibility for the future, while deepening students' personal engagement with the work.

**Негизги сөздөр:** Чыңгыз Айтматов; «Эрте келген турналар»; компетенттүүлүк; класстан тышкаркы иштер; педагогикалык технологиялар; функционалдык сабаттуулук.

**Ключевые слова:** Чингиз Айтматов; «Ранние журавли»; компетентность; внеклассная работа; педагогические технологии; функциональная грамотность.

**Keywords:** Chingiz Aitmatov; «Early Cranes»; competence; extracurricular activities; pedagogical technologies; functional literacy.

**Киришүү.** Билим берүүнүн заманбап шарттарында окутууну компетенттүүлүккө негиздөө — жалпы орто билим берүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири катары каралып, окутуунун мазмунун жаңылоону, методдорду натыйжалуулукка багыттоону жана окуучунун инсандык потенциалын ар тараптуу өнүктүрүүнү талап кылат. XXI кылымдын чакырыктары — глобалдашуу, коомдук-маданий өзгөрүүлөр, маалыматтык агымдын тездеши, социалдык жоопкерчиликке болгон жогорку талаптар мектеп окуучусун жалаң гана билимге ээ кылуу менен чектелбестен, анын өз алдынча ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн, баарлашуу маданиятын, социалдык активдүүлүгүн жана моралдык баалуулуктарды терең түшүнүү жөндөмүн калыптандырууну шарттайт.

Бул жагдайда адабият сабагынын, айрыкча класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгүнүн ролу өзгөчө мааниге ээ. Көркөм текст баланын эмоциялык дүйнөсүнө түздөн-түз таасир этүүчү, инсандын нравалык жана руханий сапаттарын өнүктүрүүгө чоң мүмкүнчүлүк түзгөн күчтүү тарбиялык ресурс болуп саналат. Өзгөчө Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары адамдын тагдырына, моралдык тандоосуна, жарандык жоопкерчилигине жана гуманисттик баалуулуктарына байланышкан терең философиялык мазмуну менен окуучунун дүйнө таанымына олуттуу таасир берет. Айтматовдун "Эрте келген турналар" повести — ар бир муунда актуалдуулугун жоготпогон чыгарма. Повестте согуш жылдарындагы оор турмуш, жоготуу, балалык менен трагедиянын кагылышуусу, адамдык ыйман, боорукердик жана жарандык сапаттардын чагылдырылышы жаш окурмандар үчүн өтө таасирдүү таалим-тарбиялык материал болуп саналат. Бул чыгарма окуучунун адабий кабыл алуусун гана эмес, анын адамдык сапаттарын, өзүнө жана коомго болгон мамилесин, баалуулуктарды түшүнүү деңгээлин калыптандырууда зор мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан повести класстан тышкаркы сабактарда компетенттүүлүккө негиздеп окутуу — окуу процессин жандандырууга, окуучулардын активдүү катышуусун камсыздоого, алардын чыгармачылык жана аналитикалык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзөт. Компетенттүүлүккө багытталган технологиялар окуучунун өз алдынча иликтөөсүн, ойлонуп жыйынтык чыгаруу жөндөмүн, командалык ишке катышуусун жана реалдуу турмуштук кырдаалдарга чыгарма аркылуу байланыш түзө билүүсүн жогорулатат.

Бул макаланын актуалдуулугу — "Эрте келген турналар" повестинин тарбиялык жана методикалык потенциалын заманбап окутуу технологиялары менен айкалыштырып, компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүүгө багытталган усулдук моделди иштеп чыгууда турат. Макаладагы негизги маселе — чыгарма аркылуу окуучунун предметтик жана предмет аралык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун натыйжалуу жолдорун аныктоо жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн максаты.** Чыңгыз Айтматовдун "Эрте келген турналар" повестин класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгүндө компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун педагогикалык-методикалык мүмкүнчүлүктөрүн илимий жактан негиздеп, окуучулардын предметтик, предмет аралык жана жеке инсандык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган натыйжалуу окутуу технологияларын иштеп чыгуу жана практикада колдонуу жолдорун аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери.** Компетенттүүлүккө негизделген окутуунун теориялык негиздерин жана анын класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгүндөгү ордун иликтөө.

**Изилдөөнүн методдору.** Теориялык-методологиялык анализ, көркөм текстти адабий-анализдөө методу, долбоордук метод, санариптик технологиялар, театралдык окутуу.

**Негизги мазмуну.** Ч. Айтматов – кыргыз жана дүйнөлүк адабияттагы эң көрүнүктүү жазуучулардын бири. Анын чыгармалары терең философиялык мазмуну, гуманисттик идеялары жана жаштардын руханий дүйнөсүн байытуу мүмкүнчүлүгү менен өзгөчөлөнөт. “Эрте келген турналар” повести балдардын согуш мезгилиндеги тагдыры. Алардын эр жетүүсү жана жашоо баалуулуктары тууралуу баяндалат. Ч. Айтматовдун чыгармалары дүйнө элдеринин көптөгөн тилдерине которулуп, анын ысымы кеңири таанылган. Жазуучу кандуу согуш жылдарында Кыргызстандын булуң-бурчундагы айылдарда жашаган балдардын оор тагдырын «Атадан калган туяк» чыгармасындагы Авалбектин образы аркылуу чагылдырса, «Эрте келген турналар» повестинде Султанмураттын образы аркылуу согуш мезгилиндеги балдардын оор турмушун, эрте жетилүүсүн жана жоопкерчилигин ачып берген.

«Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр» аттуу китебинде академик А. Акматалиевдин пикири боюнча, бул повесть Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги турмуштук эпизоддорду сүрөттөгөнүнө карабастан, өзүнүн көркөмдүк таасири, проблематикасынын негиздүүлүгү жагынан бүгүнкү күндүн, азыркы учурдун эң курч талаптарына шайма-шай келип турат. Адамдар арасындагы татаал байланыштарды терең үңүлүп көрсөтүү, дегеле адамдын турмушка болгон мамилесин чагылдыруу жагынан «Эрте келген турналар» повести түздөн-түз азыркы өспүрүм жаштарга багытталган деген пикир айтылган [1, 377-б.].

Демек, чыгарманы талдоо аркылуу окуучулардын андагы образдардын жакшы жана терс сапаттарын ажырата билүүсүнө, каармандардын иш-аракеттерине баа берүүсүнө, алардан өзүнүн жеке максат-мүдөөсүнө жана идеалдарына шайкеш сапаттарды табуусуна багыт берүү негизги милдеттердин бири болуп саналат.

Автор согуш күндөрүн баяндоо менен гана чектелбейт, адам тагдырына байланыштуу философиялык, адеп-ахлактык проблемаларды изилдейт. Жазуучунун изилдөө объектисинде — адамдын өмүр тагдыры. Ал өмүр, ал тагдыр жаңы гана башталган. Бирок кандай башталды? Эң биринчи таза сүйүүдөн, балалык таттуу кыялдан, аркы-беркини териштирбеген эрегиштен, ортоктош кайгы менен ширелген достуктан жана акырында оор жоготуудан, кара ниет зомбулук менен бетме-бет кездешүүдөн Султанмураттын өмүр жолу ушинтип башталат [2, 374-б.]. «Эрте келген турналар» повестиндеги каармандардын үлгү болуучу сапаттары бүгүнкү жаштарды улуттук аң-сезимдүүлүккө, гумандуулукка, патриоттуулукка, сезимталдыкка тарбиялоого өбөлгө түзөт.

Ч. Айтматов өзү айткандай: «“Согушка чейин”, “Согуш күндөрүндө”, “Согуштан кийин” деп айтыла жүргөн фразалардын мен үчүн өзгөчө түшүнүгү бар. Мен үчүн бул сөздөрдүн ар биринде анчейин хронология эмес, алда канча татаал турмуштун, татаалдыгына жете түшүнүүнүн катаал мезгилде, биздин бул күндө бүт дүйнөгө сабак болуп калган тажрыйбасын баштан өткөрүү мезгили деген зор маани жатат» [1]. Чындыгында, согуш жылдары жазуучу үчүн эстен кеткис окуя гана эмес, жалпы адамзаттык мааниси бар чоң тарыхый сабак болгон. Албетте, бул жыйынтыкка, бул түшүнүккө жазуучу кийин келген. Ал эми согуш жылдарында болсо ал Султанмурат, Анатайлардай болуп, башына түшкөн не бир мүшкүлдөрдү көтөрүүгө аргасыз болгон [2, 319-б.].

Тактап айтканда, Айтматов өзү айткандай: «Дүйнөдөгү адам баласынын баары ушундай бир тилекте, бир ниетте, бирине-бири жакшылык жоруп, өз уул-балдарын ушунчалык сүйүшсө, ушунчалык күтүшсө, балким, согуш болбос беле дейм...» [1]. Жазуучу гумандуу өлкөдө согуш болбосо, кан төгүлбөсө, канчалаган жоготуулар болбой, жаш өмүрлөр кыйылбай калмак деген ойго токтолот.

В. П. Чудинова мындай деп жазат: «Буга чейинки адамзаттын прогрессивдүү кыймылы ар дайым китеп окуу менен байланышып, улуттардын, элдердин, адамдардын жеткилендиги, маданияттуулугу китеп окуу менен өлчөнүп келген. Жаңы кылымга өткөндө мурдагы кылымга салыштырмалуу адамдардын китеп окууга болгон кызыгуусу төмөндөдү. Атайын изилдөөлөр Англияда балдар менен өспүрүмдөрдүн китеп окуу ишмердүүлүгү төмөндөп кеткендигин аныктаса, Германияда жаш немецтердин китеп окуу көрсөткүчү билинген кезде бүт өлкө “шок абалында” калган. Окуучулардын

билимин баалоо боюнча эл аралык изилдөө борбору (PISA) өнүккөн 32 өлкөнү тандап, алардын китепти кандай окуп жаткандыгын изилдеп көрсө, Орусия Федерациясы 2-орунга түшүп кетиптир» [10, 48-б.].

Азыркы учурда биздин өлкөдө да көркөм адабияттарды окугандардын саны төмөндөдү десек жаңылышпайбыз. Анткени Кыргызстанда мектеп окуучуларынын китеп окууга, адабий чыгармаларга болгон кызыгуусу кескин төмөндөп кеткен. Окуучуларды китеп окууга үйрөтүүнүн, алардын окурмандык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун негизги каражаттарынын бири — адабият сабагы жана класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгү.

М. У. Музулмановдун изилдөөсү боюнча, 5–7-класстарда окуучулардын окууга болгон кызыгуусу интенсивдүү өнүгөт да, алар балдар адабиятын, балдарга арналган чыгармаларды гана окубастан, «чоңдор» адабиятына, сүйүү, махабат темасындагы чыгармаларга да кызыга башташат, ошондой китептерди издеп калышат [7]. Мына ушул өзгөчөлүктөн пайдаланып, алардын окурмандык кызыгууларын классикалык адабиятка, чыныгы адабиятка буруп турушубуз керек. Класстан тышкаркы окуу катардагы сабактын уландысы, анын жаңы шарттагы формасы болуп эсептелет. Бул сабакта окуучулар өз алдынча алган билимдерине, компетенттүүлүктөрүнө таянып, көркөм чыгарманы окуу, түшүнүү, талдоо жагынан бир кыйла индивидуалдуулукка, эркиндикке жетишет. Демек, класстан тышкаркы окуу — негизги сабакта жетишкен билимдерди реализациялоонун да, сынактан өткөрүүнүн да тажрыйба аянтчасы.

Ч. Айтматовдун «Эрте келген турналар» повести балдардын согуш мезгилиндеги тагдыры, алардын эр жетүүсү жана жашоо баалуулуктары тууралуу баяндайт. Класстан тышкаркы иштерде бул чыгарманы компетенттүүлүккө негиздеп үйрөтүү окуучулардын функционалдык сабаттуулугун, талдоо жөндөмдөрүн жана чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталат. Билим берүүдө компетенттүүлүккө негизделген мамиле окуучулардын жөн гана теориялык билим алуусун эмес, аны практикада колдонуу жөндөмүн калыптандырууну көздөйт. Бул ыкма окуучулардын компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталат.

**Окуучулардын сабаттуулугун жана компетенцияларын баалоо.** Класстан тышкаркы иштер окуучулардын аналитикалык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Натыйжаларды баалоо үчүн төмөнкү ыкмалар колдонулат.

**Таблица 1. Натыйжаларды баалоо ыкмалары**

| Компонент | Баалоо ыкмасы |
|---|---|
| Чыгарманы түшүнүү | Ачык жана жабык тесттер |
| Окуяларды талдоо | Эссе, баяндама жазуу |
| Коммуникациялык компетенция | Дискуссияларга катышуу |
| Чыгармачылык жөндөм | Театралдаштырылган оюндар, эсселер, долбоорлор |

Когнитивдик компетенция — чыгармадагы каармандардын мүнөзүн, окуялардын мазмунун жана негизги идеяларын түшүнүү жана талдоо. «Эрте келген турналар» чыгармасынын негизги идеясын түшүнүп, чыгармадагы каармандарды талдоону үйрөнүшөт.

Коммуникативдик компетенция — мында «Эрте келген турналар» чыгармасы боюнча окуучулар өз оюн айтууну жана башкалар менен пикир алмашууну үйрөнүшөт.

Социалдык компетенттүүлүк — окуучулар чыгарманы окуп чыккандан кийин адамгерчилик, патриоттуулук сыяктуу сапаттарды өнүктүрүшөт.

Өз алдынча чечим кабыл алуу — чыгармадагы каармандардын тандоолорун талдап, аны өз жашоосунда колдонууну үйрөнүшөт.

Чыгарманы класстан тышкаркы иштерде окутууда төмөнкү технологиялар колдонулушу мүмкүн.

Долбоордук метод — мында окуучулар чыгармага байланыштуу ар кандай долбоорлорду ишке

ашырууга тартылат. Мисалы, «Согуш жана балдар» аттуу изилдөө долбоорунда согуштун балдарга тийгизген таасирин баяндаган маалыматтарды чогултушат. «Менин турналарым» долбоорунда ар бир окуучу турналардын символикалык маанисин изилдеп, чыгарма боюнча эссе жазат. «Жашоодогу десанттар» долбоорунда окуучулар жаш курагына карабай оор түйшүктү көтөргөн адамдар тууралуу документалдуу баяндама даярдоону үйрөнүшөт.

Чыгармачылык жана театралдаштырылган оюндар — окуучулар чыгарманын негизинде көрүнүштөрдү уюштуруп, мисалы, «Ак-Сай десанттары» сыяктуу сахналык көрүнүштөрдү даярдашат.

«Каармандарга кат» — класстан тышкаркы иштин бул түрүндө окуучулар чыгарманы окуп, түшүнгөндөн кийин каармандарга кат жазып, алардын жан дүйнөсүн түшүнүүгө аракеттенишет.

«Эрте келген турналар» повести боюнча окуучулар өз алдынча видеороликтерди тартууну жана каармандардын диалогдорун үн аркылуу берүүнү, чыгарманы жаңыланган форматта талкуулоону үйрөнүшөт.

Компетенттүүлүккө негизделген окутуу — бул билимди гана эмес, аны практикада колдонуу жөндөмүн да өнүктүрүүчү ыкма. Аталган мамиле окуучулардын аналитикалык ой жүгүртүүсүн, чыгармачыл изденүүсүн жана социалдык адаптациясын камсыз кылат. Класстан тышкаркы иш-чаралар окуучулардын кызыгуусун арттырып, чыгармадагы идеяларды терең түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Алар чыгарма боюнча эссе жазуу, сахналаштыруу, дебат, долбоордук ишмердүүлүк сыяктуу түрлөрдө уюштурулушу мүмкүн. Компетенттүүлүккө негизделген методдорду колдонуу аркылуу окуучулардын активдүү катышуусу камсыз кылынат.

С. Т. Батаканова өзүнүн эмгегинде көркөм адабий текстти талдоо учурунда окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн белгилейт [3]. Ал көркөм чыгармаларды талдоо мугалимден ар тараптуу изденүүнү жана чеберчиликти талап кыларын айтат. Окуучулардын адабий-чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү максатында адабий ийримдерди уюштуруу натыйжалуу болуп саналат. Мисалы, Ч. Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестин окуп, талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө болот. Жалилова С.Б. элдик дөөлөттөрдү билим берүү процессинде пайдалануу окуучулардын айлана чөйрөгө болгон жоопкерчиликтүү мамилесин калыптандырууга өбөлгө түзөрүн белгилейт. Автордун бул багыты”Эрте келген турналар повестиндеги жаратылышты сүйүү,жерди баалоо жана эмгек аркылуу тарбиялануу маселелери менен байланышат [4]. Ал эми изилдөөчү Заилова Ж.Ж башталгыч класстын окуучуларында экологиялык түшүнүктөрдү калыптандырүүнүн маанисине көңүл бурат. Бул багыт Айтматовдун чыгармаларын окутууда жаратылышка аяр мамилени, мекенди сүйүүнү жана жоопкерчиликти тарбиялоо мүмкүнчүлүктү ачат [5]. Орозакунов Ш.Ч Айтматовдун повестеринин сюжеттик-композициялык курулушун изилдөө менен чыгармалардын мазмунун ачууда сюжеттин өнүгүшү, окуялардын өз ара байланышы жана композициялык уюшулушу маанилүү экендигин көрсөтөт[8 ]. Бул илимий багыт” Эрте келген турналар” повестин класстан тышкаркы окууда талдоодо да маанилүү.

Профессор А. Ж. Муратов компетенттүүлүктү төмөнкүчө аныктайт: «Компетенттүүлүк — бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларды кандайча колдоно алары аныкталат. Компетенттүүлүк — бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору» [8]. Айтматовдун «Эрте келген турналар» чыгармасын класстан тышкаркы иштерде компетенттүүлүккө негиздеп окутуу — заманбап билим берүү процесси үчүн маанилүү багыттардын бири. Компетенттүүлүккө негизделген окутуу ыкмасы окуучулардын аналитикалык ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык жөндөмдөрүн жана практикалык көндүмдөрүн өркүндөтүүгө багытталган. Бул методика сабактан тышкаркы иштерде да натыйжалуу колдонулуп, окуучулардын текст менен терең иштөөсүнө, өз алдынча ой жүгүртүүсүнө жана турмуштук компетенцияларын өнүктүрүүсүнө өбөлгө түзөт.

**Корутунду.** Чынгыз Айтматовдун «Эрте келген турналар» чыгармасын класстан тышкаркы иштерде компетенттүүлүккө негиздеп үйрөтүү окуучулардын текстти терең түшүнүүсүнө, сынчыл ой жүгүртүүсүнө жана чыгармачылыгынын өнүгүшүнө жардам берет. Окутуу процессинде заманбап педагогикалык технологияларды колдонуу окуучуларды активдүү үйрөнүү процессине тартууга шарт түзөт. Долбоордук метод, театралдаштырылган иш-чаралар жана санариптик технологиялар сабактарды кызыктуу жана натыйжалуу өткөрүүгө, чыгарманы теориялык жактан гана эмес, турмуштук көз караштан да терең түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Ошондой эле компетенттүүлүккө негизделген ыкмаларды колдонуу окуучулардын социалдык жана маданий аспектилерге карата сезимталдыгын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Мектеп мугалимдери окуучуларга теориялык билим берүү менен гана чектелбестен, класстан тышкаркы иштер аркылуу алган билимдерин практикада колдонуу жөндөмүн да өнүктүрүүгө тийиш. Класстан тышкаркы иштер актуалдуу темаларды жана көйгөйлөрдү изилдөө аянтчасына айланып, окуучулардын алган билимдерин турмуштук кырдаалдар менен байланыштыруусуна шарт түзөт.

**Колдонулган адабияттар**


1. Айтматов Ч. Т. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Бишкек : Бийиктик, 2008.
2. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр : 3 томдук. – Бишкек : Кут-Бер, 2018.
3. Батаканова С. Т. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык негиздери : пед. илим. д-ру дис. автореф. – Бишкек, 2011. – 42 б.
4. Жалилова С. Б. Влияние народных достояний на формирование экологической культуры младших школьников // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – Т. 2, № 1. – С. 100–104.
5. Заилова Ж. Ж., Эрмекбек кызы А., Матисманова А. Y. Использование элементов этнопедагогики в экологическом образовании на уроках чтения в начальных классах // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2023. – Т. 1, № 2 (22). – С. 21–27.
6. Музулманов М. У. Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы. – Бишкек, 2019.
7. Муратов А. Ж. Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу. – Бишкек, 2009. – 116 б.
8. Орозакунов Ш. Вопросы сюжетно-композиционного построения повестей Ч. Айтматова : дис. ... канд. филол. наук. – Фрунзе, 1982. – 170 с.
9. Чудинова В. П. Чтение детей и подростков в России : проблемы и перспективы // Школьная библиотека. – 2003. – № 8. – С. 46–53.


**Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Саттарова А.Т.**


УДК:338.26.034
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-127-133



**Кармышакова И.П.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Баткен региондук көп тармактуу институту
**Кармышакова И.П.**
Баткенский региональный многопрофильный институт КНУ имени Жусупа Баласагына
**Karmyshakova I.P.**
Batken Regional Multidisciplinary Institute of Jusup Balasagyn KNU